# ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

## STEM инновациялык колледжи

Адистештирилген дисциплиналар бөлүмү

2025-жылдын 20-февралында болуп өткөн, ата-энелер менен болгон тегерек столдун

**ПРОТОКОЛУ**

**Өткөрүлгөн күнү:** 20.02.2025
**Өткөрүлгөн жери:** Табият таануу, дене тарбия туризм жана агрардык технологиялар институтунун окуу - өндүрүштүк ветеринардык клиникасынын жыйындар залы №201, 2 этаж, Исанова көчөсү.

**Башталыш убактысы:** 14:00
**Катышуучулар: 40**

1. Кубатов Н.К. – бөлүм башчысы
2. Султанов С.К - окутуучу
3. Закирова Т.А. – окутуучу
4. Кадыров М.М.- окутуучу
5. Мендибаев Д.А. – окутуучу
6. Раева Ж.С. – окутуучу
7. Сулайман уулу Заирбек – окутуучу
8. Жеңишбек уулу Эрлан-окутуучу
9. Бердалиева У.Г.-окутуучу
10. Мамай уулу Жеңишбек-окутуучу

**Бөлүм башчы:** Кубатов Нурлан Кушбакович
**Катчы:** Бердалиева Умсунай Галыбаевна

Максаты: Квалификациялуу жана заманбап кадрларды даярдоодо STEM-окутуунун моделин ата-энелер менен биргеликте профессионалдык жана жашоо тажрыйбасы боюнча көйгөйгө көз карашын билдирүү, мүмкүнчүлүгүн талкуулоо жана чечүү.

***Тема:** **Кесиптик билим берүүдө ата- энелердин, окутуучулардын, иш берүүчү жана коомдун орду.***

| Убакыт | Иш-чара | Жооптуулар |
|---|---|---|
| 14.00-14.10. | Катышуучуларды каттоо | Адистештирилген дисциплиналар бөлүмүнүн окутуучусу Бердалиева Умсунай Галыбаевна |
| 14.10-14.15. | Ачылыш сөз | STEM инновациялык колледжинин директору ф.и.к., доцент Абдылакимова Бегайым Кенжематовна<br>Адистештирилген дисциплиналар бөлүмүнүн башчысы Кубатов Нурлан Кушбакович |
| 14.15-14.25. | ТОРАТ, ЭС адистиктеринин мамлекеттик стандарттары боюнча маалымат | Адистештирилген дисциплиналар бөлүмүнүн программа жетекчилер<br>Меңдибаев Дамирбек Абийбиллаевич<br>Жусубалиева Айнагуль Жумабаевна |
| 14.25-14.35. | ТОРАТ, ЭС адистиктеринин окуу-тарбиялык иштери боюнча кыскача презентация | Адистештирилген дисциплиналар бөлүмүнүн окутуучусу Раева Жылдыз Суйуновна |
| 14.35-14.45 | STEM окутуу боюнча баяндама | Адистештирилген дисциплиналар бөлүмүнүн окутуучусу Закирова Толгонай Адинабаевна |
| 14.45-14.55. | Суроо жооп | ТОРАТ, ЭС адистиктерине сабак берген окутуучулар, катышуучулар |
| 14.55-15.10. | Сурамжылоо (мониторинг) ата-энелер | Адистештирилген дисциплиналар бөлүмүнүн окутуучусу Жеңишбек уулу Эрлан,<br>Мамай уулу Жеңишбек |
| 15.10-15.15. | Музыкалык тыныгуу | Адистештирилген дисциплиналар бөлүмүнүн окутуучусу Сулайман уулу Зайирбек |
| 15.15-15-20 | Жыйынтыктоо | Адистештирилген дисциплиналар бөлүмүнүн окутуучусу Закирова Толгонай Адинабаевна |
| 15.20-16.00 | Экскурсия видео ролик ата-энелерге адистештирилген дисциплиналар бөлүмүнүн окуу кааналарына. | Уюштуруу тобу |

**Күн тартиби:**

1. Окуу пландар жана мамлекеттик стандарттар боюнча.
2. MYEDU программасынын иштөөсү жөнүндө.
3. Студенттердин окуудагы жетишкендиктери.
4. Кесиптик билим берүүдө, квалификациялык адисти даярдоодо ата- энелердин орду.
5. Ар түрдүү маселелер

**Жыйындын жүрүшү:**

Адистештирилген дисциплиналар бөлүмүнүн башчысы Кубатов Нурлан Кушбакович ата-энелер менен саламдашып, жыйынды ачып, катышуучуларды күн тартиби менен тааныштырды.





**1-маселе. Окуу пландар жана мамлекеттик стандарттар боюнча.**

**Угулду:** ТОРАТ адистигинин программа жетекчиси Мендибаев Дамирбек окуу пландар жана мамлекеттик стандарттар тууралуу маалымат берди. Стандартта эмнелер камтылган мазмууну боюнча да түшүндүрмөлөрдү тааныштырып өттү.

Ал билим берүүнүн сапатын жогорулатуу жана заманбап талаптарга шайкеш келтирүү боюнча сунуштарды белгиледи жана ата-энелердин да сунуштарын укту.

**Токтом:**

1. Окуу пландарын ата-энелерге түшүндүрүү боюнча кошумча жыйындарды уюштуруу.
2. Жаңы түзүлүп жаткан стандарт боюнча ата-энелердин сунуштарын кабыл алуу, кураторлорго милдеттендирилди.








**2-маселе. MYEDU программасынын иштөөсү жөнүндө**

**Угулду:** Бердалиева Умсунай Галыбаевна жана Раева Жылдыз MYEDU программасынын негизги функциялары, студенттердин жетишкендиктерин каттоо жана баалоодогу мааниси жөнүндө айтып беришти. Ата-энелери да MYEDU программасы аркылуу балдарынын жадыбалын, жыйынтык бааларын жана студент боюнча маалымат алса болоорун айтып өтүштү.



**Токтом:** MYEDU программасы аркылуу ата-энелердин студенттердин жетишкендиктери боюнча маалымдуулугун жогорулатуу боюнча токтом кабыл алынды жана кураторлорго милдеттендирилди.

**3-маселе. Студенттердин окуудагы жетишкендиктери**
**Угулду:** Окутуучулар Раева Жылдыз жана Бердалиева Умсунай ата-энелерге студенттердин окуудагы, практикадагы, илимий чөйрөсүндөгү, спорттогу жана коомдогу жетишкендиктери тууралуу маалымат берди. Студенттердин ийгиликтерин мындан ары да жогорулатуу үчүн сунуштар айтылды.







**Токтом:** MYEDU программасы аркылуу ата-энелерди студенттердин жетишкендиктери боюнча маалымдуулугун жогорулатууга токтом кылынды. Бул токтом кураторлорго милдеттендирилди.

**4-маселе. Кесиптик билим берүүдө, квалификациялык адисти даярдоодо ата-энелердин орду.**

Закирова Толгонай Адинабаевна ата-энелердин кесиптик билим берүү процессиндеги орду жана алардын колдоосу студенттердин ийгилигине кандай таасир этери жөнүндө баяндама жасады.


www.BANDICAM.com
Урматтуу ата-энелер
Балдарыбыздын келечекте туура багыт алуусу жана мыкты инсан болуп калыптануусу үчүн илим-билим жана туура тарбия берүү зарыл.Канаттууга анын эки канаты кандай кызмат кылса,инсанга илим жана тарбия так ошондой зарыл.
Илим -бул адам баласынын аң сезимин өстүрүп ар кандай кесип ээси болгонго жана бул жашоодо башкалардан кем болбой өз оокатын таап жегенге мүмкүнчүлүк берет
Тарбия -бул инсандын адебин жакшыртып ага жашоодогу эң керектүү адамгерчиликтүү сапаттарга үйрөтөт
Туура тарбия берүү
Айрым ата-энелерге "Балаңызга кандай тарбия берип жатасыз ?"- деп суроо узатылып калса,"мен баламды эч нерседен кем кылган жокмун,курсагы ток кийими бүтүн үстүндө үйү жана астында машинасы бар " деген жоопту угуп келебиз.Бирок биз балдарыбызга жашоодогу муктаждыктарын чечип берип,тарбия берүүнү унутта калтырабыз







**Токтом:** 1.Студенттердин жетишкендиктерин жакшыртуу үчүн кошумча консультациялар уюштуруу бир добуштан бекитилди.

2. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө, бөлүм башчы жана кураторлорго милдеттендирилди.

**5-маселе. Ар түрдүү маселелер.**

**Угулду:** Закирова Толгонай Адинабаевна Ата-энелер менен окутуучулар студенттердин тарбиясы, дисциплинасы жана кошумча билим алуу мүмкүнчүлүктөрү тууралуу талкуу жүргүзүштү.

Жолугушуу учурунда ата-энелер жана кредиттик технологиялар, билим берүүнүн баскычтары, негизги билим берүүнүн программалары, ОшМУнун сайты, MyEDU информациялык системасы ж.б. маалыматтар менен тааныштырылды. Ата-энелер жана бүтүрүүчүлөр тарабынан окуу процессине тиешелүү болгон түрдүү сунуштары, ой-пикирлери, ошондой эле мындай иш-чаранын уюштурулушуна карата ыраазычылыктары айтылды.

**ТОРАТ жана Электр менен камсыздоо адистиктеринин ата - энелери үчүн сурамжылоо өкөрүлдү.**





**Токтом:** Бир добуштан кабыл алынды:
*1.* Колледждин ата-энелер жана бүтүрүүчүлөр менен болгон байланышты чыңдоо максатында, ата-энелер ассоциациясынын башкаруу кеңешинин курамдары түзүлүп, бекитилди. Жолугушуунун жыйынтыгында резолюция кабыл алынып, мындай жолугушуулар регулярдуу түрдө уюштурулушу чечилди.

2. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө, бөлүм башчы жана кураторлорго жүктөлсүн.

**Жыйындын аяктаган убактысы:** 16:00

**Бөлүм башчы:** ____________ Кубатов Н.К.
**Катчы:** ____________ Бердалиева У.Г.